german cooperation
DEUTSCHE ZUSAMMENARBEIT

Даярдоочу:

giz Deutsche Gesellschaft für Internationale Zusammenarbeit (GIZ) GmbH

# K-Link: Борбор Азия өлкөлөрүндө билимдерди башкарууга жаңыча мамиле

## Жер ресурстарын эффективдүү пайдалануу жана климаттын өзгөрүүсүнө адаптациялоо чөйрөсүндөгү маалыматтарды эффективдүү издөө жана алмашуу

### Контекст

Борбор Азия өлкөлөрүндө өндүрүлгөн товарлар менен кызматтардын көпчүлүк бөлүгү токойлор, жайыттар жана айыл чарба жерлери, суу байлыктары сыяктуу жаратылыш ресурстарынын эсебинен түзүлөт. Демек, так ушул жерде жумушчу күчтүн көп бөлүгү иштейт жана калктын кирешеси калыптанат. Бирок, жаратылыш байлыктарын рационалдуу эмес жана ойлонбостон пайдалануу менен климаттын өзгөрүүлөрүнүн кыйраткыч айкалышуусу келечекте бул ресурстардын саны менен сапатын коркунучка алып келет. Ушуга байланыштуу экологиялык тутумдардын жана алардын биологиялык ар түрдүүлүктөрүнүн узак мөөнөтүү бүтүндүгү үчүн аларды башкаруу боюнча эффективдүү, инновациялык усулдарды колдонуу зарыл. Өнүгүү боюнча эл аралык уюмдардын баары, өкмөттүк эмес уюмдар, жергиликтүү бийликтер жана илимий-изилдөө институттары жогоруда аталган милдеттерди чечүүгө түздөн-түз кызыкдар. Бирок бул кызыкдар тараптардын татаал ар түрдүүлүгү жана маалыматтарды топтоонун, иштеп чыгуунан, сактоонун жана алмашуунун деңгээлинин ар башкалыгы бар болгон билимдерди издөөдө жана бул керектүү маалыматтарды керектөөчүгө чейин жеткирүүдө чоң кыйынчылыктарга алып келүүдө. Ошондуктан өз ара аракеттешүү үчүн мыкты өнөктөштү жана мыкты тажрыйбаны аныктоо татаал милдеттерден болуп эсептелет. Билимдерди башкаруу процессиндеги бул олуттуу кемчиликтер маалыматтарды издөө жана тартылган тараптардын баарынын ортосунда алмашуу процесстерин жеңилдетүүгө жана ылдамдатууга шарт түзө турган эффективдүү ыкманы түзүү канчалык зарыл экендигин көрсөтүп турат.

### Биздин максаттарыбыз

Биз климаттын өзгөрүүсүнө адаптациялашуу жана жер ресурстарын туруктуу башкаруу чөйрөсүндө иштеген кызыкдар тараптардын ортосунда билимдерди, мыкты ыкмаларды жана технологияларды, ошондой эле алдыңкы тажрыйбаларды алмашууга көмөктөшүүгө умтулуп жатабыз. Бул үчүн биздин Борбор Азиядагы жаратылыш ресурстарын туруктуу пайдалануу боюнча регионалдык программанын алкагында *K-Link* он-лайн инструменти түзүлгөн, ал кызыкдар тараптардын интернет-сайттарын борбордук түйүн түзүү зарылчылыгы жок эле бириктирет жана түйүндүү өнөктөштөрдүн ортосунда тажрыйба алмашууга жардам берет. Бул инструмент катышкан тараптарга ар башка сайттарда жайгаштырылган жаратылыш ресурстары жөнүндө зарыл маалыматтардын жеткиликтүүлүгүн камсыздоосу керек, ал сайттар ошол эле учурда көз карандысыз бойдон калышат жана өздөрүнүн маалымат базаларын контролдоону сактап калышат.

| | |
|---|---|
| Программанын аталышы | Борбордук Азиядагы жаратылыш ресурстарын туруктуу колдонуу боюнча программа |
| Заказ берүүчү | Германиянын экономикалык кызматташуу жана өнүктүрүү Федералдык министрлигинин тапшыруусу боюнча (BMZ), Евробиримдик |
| Өлкө | Казакстан, Кыргызстан, Тажикстан, Түркмөнстан, Өзбекстан |
| Негизги өнөктөштөр | Профилдик министерликтер, өкмөттүк эмес уюмдар |
| Мөөнөтү | 2002 - 2015 |

### Биздин ишмердүүлүгүбүз

Тажрыйбада билимдерди башкаруу өзүнө техникалык маселелер менен катар мазмундуу маселелерди дагы камтыган жетишээрлик татаал процесс болуп эсептелет: маалыматтарды канткенде эфективдүү алмашууга болот? Маалыматтарды кантип туура түзүмдөштүрүү керек? Интеллектуалдык менчик маселесин кантип чечүү керек?





*Жарлуу жер эрозиясы, Базар-Коргон району, Кыргызстан.*

*Тоолуу жайыттарда малды айдоо, ГБАО, Таджикистан.*

Сүрөт: © GIZ / Программанын архиви

Сүрөт: © GIZ / Программанын архиви





*K-Link инструментин презентациялоо, Бишкек, Кыргызстан.*

Маалымат алмашуу тутумун түзүү аракеттери, эреже катары, менчик көйгөйүнө барып такалат: эмне үчүн мекеме өзүнүн маалыматтарын башка макемелер менен “бөлүшүүсү” керек? Эгер сөз болуп жаткан мекемелер ар башка өлкөлөрдө жайгашкан болсо,бул маселе андан дагы курчураак болот.
Бул көйгөйдү айланып өтүү үчүн K-Link инструменти борбордук түйүн түзүү идеясынан же климаттын өзгөрүүсүнө адаптациялануу жана жер ресурстарын эфективдүү башкаруу боюнча бирдиктүү стандарттарды иштеп чыгуу сунушунан баш тартат. Тескерисинче, K-Link иштеп жаткан ийгиликтүү интернет-платформаларды жөн гана табууга, бул платформалар аркылуу маалыматтарды жана билимдерди алмашууга шарт түзгөн инструменттерди иштеп чыгууга, жана уюумдарга жеке платформалары жок эле өздөрүнүн маалыматтарын генерацийлоого жана аларды комплекстүү башкарууга жардам берүүгө умтулат.




(СМС-сайттын мазмушун башкаруу системасы)

*K-Link системасынын иштөө схемасы.*

K-Link бул максатына бөлүштүрүлгөн тармак аркылуу бар болгон интернет-түйүндөр менен мекемелердин ортосундагы байланыштарды түзүү жана координациялоо жолу менен жетет. Анын өзөгү же башкаруучу борбору жок, жана ал өзүнө бирге туруктуу түзүмдү жаратып, үндөшө иштеген көптөгөн компоненттерди камтыйт. Бул тутум өзүн-өзү жөнгө салат жана борбордук органы жок эле иштейт. Ал ошондой прагматикалуу болуп эсептелет, анткени катышуучу-өнөктөштөрү тарабынан кошумча финансылык чыгымдарды талап кылбайт.
Бул тутумду иштеп чыгууну биздин өнөктөшүбүз - SIRIS Academic компаниясы ишке ашырат, ал стратегиялык пландоо, билимдерди башкаруу жана уюштуруучулук өнүктүрүү маселелери боюнча стандартуу эмес жана жаңы ыкмаларды сунуштайт.

## Биздин жыйынтыктар

Биз K-Link он-лайн инструменти өнүктүрүү боюнча иштеген көптөгөн уюмдар катышкан демилге болуп калуусуна умтулабыз, жана Дүйнөлүк Банк, БУУнун Азык-түлүк жана Айыл чарба программалары (ФАО) жана Айлана-чөйрө боюнча Европа агенттиги (ЕЕА) сыяктуу кызыкдар тараптардан бир гана жакшы пикирлер алынууда. Бул өнөктөштөр 2014-2015-жылдардын ичинде билимдерди алмашуу тутумунун пилоттук вариантын иштеп чыгууга катышуусун уланта беришмекчи.
Тутумдун пилоттук варианты алты өнөктөштүн платформаларын бириктирет: Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Айлана-чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы боюнча мамлекеттик агенттик, CAMP Ала-Тоо ӨЭУ, Борбор Азиянын Регионалдык Экологиялык Борбору (БАРЭБ), Борбор Азия Университети (БАУ), жана дагы эки өнөктөш аныкталат. Бул пилоттук тармакка туруктуу мониторинг жүргүзүү жергиликтүү университеттердин жана программалык камсыздоо иштеп чыгуу боюнча уюмдардын потенциалын өстүрүү менен бир убакта ишке ашырылат. Натыйжада, K-Link үчүн жоопкерчилик ушул жооптуу тараптардын колунда болот, алар анын андан ары өнүктүрүшөт. K-Link он-лайн инструменти кийин эл аралык илимий-изилдөө коомдоштуктарынын арасында таанылыш үчүн биринчи кезекте улуттук жана регионалдык оюнчулардын күч-аракттерин бириктирүүгө багытталган.

Басып чыгаруучу
Deutsche Gesellschaft für
Internationale Zusammenarbeit (GIZ) GmbH

(Германия эл аралык кызматташтык коому)
Башкы офистер Бонн ш. жана Эшборн ш., Германия

Борбордук Азиядагы жаратылыш ресурстарын
колдонуу боюнча программа
Эркиндик бульвары, 22
720040 Кыргызстан, Бишкек
Д-р Степан Унковски, программанын директору
stepan.uncovsky@giz.de
T +996 312 90-93-40
www.giz.de, www.naturalresources-centralasia.org

Авторлор
Ян Ваймер, Индика Кочкарова, Наталья Митякова

Дизайн
Александр Горбатовский

Жарыяланды
“V.R.S Company”, Бишкек, Кыргызстан

Аяк оона 2014 болгон абалы боюнча

Германиянын экономикалык кызматташуу жана өнүктүрүү
Федералдык министрлигинин тапшыруусу боюнча (BMZ)

Бул басылып чыгарылган публикациянын мазмунуна GIZ жооптуу.